УДК: 371.321.5
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.10**

*Асилбек кызы Гүлсина,*
*ОшМУ, магистрант*
*Анаркулов Рахматулла,*
*ОшМУ, п.и.к., доцент*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДАГЫ ПРЕДМЕТТЕР АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРДЫ ОРНОТУУЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Аннотация.*** *Башталгыч класстарда балдардын дүйнөнү ар тарантуу түшүнүүсүн калыптандырууда дисциплиналар аралык байланыштарды орнотуу чоң роль ойнойт. Бул илимий эмгекте башталгыч класстарда дисциплиналар аралык байланыштарды түзүү процессинин өзгөчөлүкторү талданат. Окутуунун методдору, окуу процессин уюштуруу жана окутуунун интегративдик методдорун колдонуу сыяктуу факторлордун таасирине көңүл бурулат. Иште ошондой эле башталгыч мектеп окуучуларынын окуу-тарбия иштеринде дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруунун практикалык аспектилери каралат. Алынган натыйжалар башталгыч класстын мугалимдери үчүн сабактарды пландаштырууда жана өткөрүүдө балдарда окуу материалына системалуу көз карашты эффективдүү калыптандыруу үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *предметтер аралык байланыш, билим берүүлөрдүн мазмуну, билим , билгичтик, көндүмдөр.*

# ОСОБЕННОСТИ ЗАКРЕПЛЕНИЯ МЕЖПРЕДМЕТНЫХ СВЯЗЕЙ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

***Аннотация.*** *В начальных классах эффективное налаживание межпредметных связей играет важную роль в формировании у детей комплексного понимания мира. Данная исследовательская работа анализирует особенности процесса налаживания межпредметных связей в начальных классах. Обращается внимание на влияние таких факторов, как методика обучения, организация учебного процесса и использование интегративных методов обучения. В работе также рассматриваются практические аспекты реализации межпредметных связей в учебной деятельности младших школьников. Полученные результаты могут быть полезны для учителей начальных классов при планировании и проведении уроков с целью эффективного формирования у детей системного взгляда на учебный материал.*

***Ключевые слова:*** *межпредметные связи, содержания образования, ЗУН*

# FEATURES OF CONSOLIDATION OF INTERDISCIPLINARY CONNECTIONS IN PRIMARY GRADES

***Annotation.*** *In the primary grades, effective interdisciplinary connections play an important role in developing children's comprehensive understanding of the world. This research work analyzes the features of the process of establishing interdisciplinary connections in primary grades. Attention is drawn to the influence of such factors as teaching methods, organization of the educational process and the use of integrative teaching methods. The work also examines practical aspects of the implementation of interdisciplinary connections in the educational activities of primary schoolchildren. The results obtained can be useful for primary school teachers when planning and conducting lessons in order to effectively develop in children a systematic view of educational material.*

***Key words:*** *interdisciplinary connections, content of education, knowledge of learning*

*Педагогика илимине негизделбеген окутуу –*
*медицинадагы эмчи-домчулуктай эле.*
*К.Д.Ушинский.*

Педагогикада предметтер аралык байланыштар проблемасы ар дайым актуалдуу болуп келүүдө. Дисциплиналардын арасындагы байланыштарды орнотуулардын зарылчылыктары жөнүндө 18 – 19 кылымдарда Я.А.Коменский, Д. Локк, И.Г.Песталлоци, И.Ф.Гербарт, ошондой эле 19 - 20 кылымдарда орус педагогторунан В.Г.Белинский, В.Ф.Одоевский, К.Д.Ушинскийлер өз пикирлерин билдирип кетишкен. В.А.Сухомлинский предметтер аралык байланыштар жөнүндө мындай деген: "

Предметтер аралык байланыштар жөнүндө көп эле айтышкан. Ар бир мугалимге башка предметтердин материалдары менен өзүнүн сабактарынын жандашуулардын точкаларын табуу түшүнүктүү. Бирок предметтер аралык байланыштар бул менен эле бүтүп калбайт. Андагы терең байланыштар чыныгы материалдардын мазмундарында эле эмес, ал акыл эмгегинин канчалык даражада уюштуруусуна да " [5, 63-б.].

Сабакта башка предметтер менен болгон байланыштарды ишке ашыруулардын проблемалары бүгүнкү күндө билим берүүлөрдү модернизациялоодо актаулдуу боюнча калууда. Мектеп салыштырмалуу толук билимдерди берүүдө. Ал жогорку окуу жайларда билимдерин мындан ары улантуу үчүн, мектеп окуучуларды кесиптерди тандоого,өз билимдерин өркүндөтүүгө карата , мындан ары билимдерин улантууга карата шарттарды түзүүсү керек.

Изилдөөнүн объектиси: башталгыч класстарда математиканы окутуудагы предметтер аралык байланыштар.

Изилдөөнүн предмети: башталгыч класстарда математика предметин менен предметтердин арасындагы байланыштарды амалга ашыруулардын жолдору.

Изилдөөнүн методдору: анализ, байкоо, алдыңкы педагогикалык иш тажрыйбаларды окуп үйрөнүү, окуучулардын жазма иштери,

Предметтер аралык байланыштарга болгон жаңы толкундардагы кызыгуулар бүгүнкү күндө да өз маанилерин жоготкон жок. Предметтер аралык байланыштар – бул башталгыч билим берүүлөрдүн дидактикасынын башкы талаптарынын бири. Жалпы жана башталгыч билим берүүлөрдүн биримдиги жана өз ара байланышы барынан мурда предметтер аралык байланыштарды амалга ашыруулардын негизин камсыз кылат. Предметтер аралык байланыш – бул илим менен окуу дисциплиналарынын негиздеринин байланышы, тагыраак айтканда түшүнүктөр, илимий фактылар, закондор, теориялар түрүндө туюнтулган структуралык элементтердин арасындагы байланыштар. Илимий фактылар, закондор, теориялар түшүнүктөр аркылуу калыптанат же алардын арасындагы байланыштарды билдирет, жыйынтыгында предметтер аралык байланыштар – бул ар түрдүү дисциплиналардагы түшүнүктөрдүн байланышы. Башталгыч билим берүүлөрдүн мазмуну баштапкы илимий түшүнүктөрдүн негиздерин гана калыптандырып калбастан, ал болочок кесип ээлеринин ишмердүүлүктөрү менен байланыштарын, илимдин негиздери менен болгон байланыштарын чагылдырат. Предметтер аралык байланыштар ар түрдүү аспектилерде каралат , атап айтсак философиялык, психологиялык, жалпы педагогикалык жактан. Мындай аспектилерде кароолор, аларды белгилүү бир топторго бөлүштүрүүлөргө (классификациялоого) алып келди. Классификациялоолордун ичинен эн бир толукраак токтолгону В.А.Скакун болду жана предметтер аралык байланыштарды төрт типке бөлдү: окулуп үйрөнүлүп жаткан окуу материалдардын мазмунуна карата, калыптап жаткан билгичтиктерине карай, окутуунун методдоруна жана каражаттарына карай жана тарбиялоонун методдоруна карай [ 4, 7-б.].

Предметтер аралык байланыш – бул илимдердин системасы жана дидактикалык максаттардын шайкештигине карай окуу программаларынын мазмундарынын өз ара бири бирине карай шартташышы. Окутуудагы дидактиканын илимийлүүлүк жана системалуулук принциптери бир окуу предметиндеги окуу материалдарын окуп

үйрөнүүлөр экинчи бир предметтерди окуп үйрөнүүдөгү билимдерге таяна тургандай кылып жайгаштырылган. Предметтер аралык байланыштарды окуу процессинде амалга ашыруулар бүгүнкү күндөгү илимдердин өнүгүүсүнө жараша баруусу актуалдуу бойдон калууда. Анда коомдук, табигый жана техникалык илимдерди интграциялап окутуу жактары каралган. Илимдин өзү бүгүнкү күндөгү болуп жаткан татаал проблемаларды ( адам жана космос, адам жана жаратылыш, коом жана личность, илим жана өндүрүш, адам жана автомобиль ж.б.) окуп үйрөнүүгө бириктирүүдө. Анын негизинде жаратылыштын жана коомдун татаал объектилерин таанып билүүлөрдүн жаңы методдору көтөрүлүп жатат. Илимий билимдерди интеграциялоолор бүгүнкү күндөгү адистерге жаңы талаптарды коюуда. Адамзаттан ар түрдүү илимдерден болгон билимдерин атайын кесиптик билимдерине болгон байланыштарын илимий жана өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чечүүдө комплекстүү пайдалана алуу билгичтиктерин калыптандырууларга карата талаптар күчөөдө. Көптөгөн чек арадагы илимдерден алган билимдери көптөгөн өндүрүштүн теориялык негиздерин түзөт. Кеңири профилдеги адистерди даярдоого болгон талаптар жогорулап баратат. Андай адистерди даярдоолордун негизинде кесипкөйлөрдү тиешелүү политехникалык билимдер жана билгичтиктер менен куралдандыруулар жатат.

Предметтер аралык байланыштар окуучуларды окутууга жана тарбиялоого карата актуалдуу комплекстүү каражаттардан болуп саналат. Окуу программаларындагы предметтер аралык байланыштардын болушу кенже мектеп окуучуларындагы түшүнүктөрдүн жана универсалдуу закондор жөнүндөгү, ал эми жогорку курстарда - жалпы теориялар жана комплекстү проблемалар боюнча түшүнүктөрдүн болушуна мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Мисалы, математикалык түшүнүктөрдү физика сабактарында таянууга, формулаларды өзгөртүп түзүүгө, физикалык маселелерди чечүүлөрдө таянууга тура келет. Математика, физика жана химия предметтери өндүрүштүн негиздерин окуп үйрөнүүдө кеңири колдонулат. Предметтер аралык байланыштар азыркы илимдин тенденциясынын окутуунун мазмунун ачып көрсөтүүнүн каражаттарынын ролун ойнойт. Илимдеги предметтер аралык байланыш окуучулар үчүн билимдердин системасы эле эмес, ал методдордун системасы да болуп саналат. Предметтер аралык байланыштар илимдин тарыхын жана анын практикалык жактан колдонуу жактарын ачып көрсөтөт. Бүгүнкү күндө предметтер аралык окутуулар ар бир окуу предметтеринин мазмундарын чагылдырып көрсөтүүлөрдүн каражаттары катарында кароо керек. Предметтер аралык байланыштар окутуунун илимийлүүлүгүн деңгээлин жана окуучулардын дүйнөгө болгон көз караштарын калыптандыруулардын ролун жогорулатат. Амалиятта предметтер аралык байланыштардын бир нече түрлөрү бар:

1. Чыныгы (фактический) байланыш - фактылар деңгээлдеги менен окуу дисциплиналарынын арасындагы байланыштар.
2. Жалпы тектеш дисциплиналар үчүн түшүнүктөрдү калыптандырууга багытталган түшүнүктөрдүн байланышы.
3. Белгилүү бир предметтердин областындагы илимий билимдердин системасы.
4. Материалисттик диалектиканын категорияларын чагылдыруучу философиялык байланыштар.

Окутуунун методдорун тандоолор предметтер аралык байланыштарды тыкандык менен анализ кылууларын талап кылат. Предметтер аралык байланыштар бир эле дүйнөдөгү болуп жаткан кубулуштарды бирдиктүү түрдөө түшүнүктөрдү түшүндүрүү, аныктоо жана окуу материалдарын кайталанып калуусун алдын алуулар болуп саналат. Предметтер аралык байланыштар боюнча жумуштар окутуунун бардык баскычтарында удаалаш алып барылат. Окуу процесинде предметтер аралык байланыштарды амалга ашырылуучу иш чараларга төмөнкүлөрдү кошсо болот: окутуунун мазмундарын коллективдүү түрдө анализдөө, жадыбалдарды, графиктерди, көрсөтмө берүүчү технологиялык карталарды иштеп чыгуу; окуучулардын техникалык чыгармачылыктары үчүн тематикаларды тандоо; тиешелүү көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн практикалык жумуштарды жасоо.

Башталгыч класстарда окуу дисциплиналарынын (математика, мекен таануу, технология, дене тарбия, кыргыз тили, адабий окуу ) мазмундарын карап чыгуу менен предметтер аралык материалдардын мазмундарын аныктайбыз.

Математика адамдардын тажрыйбалык турмушу менен байланышта болгонун сезип, анын түшүнүктөрү ар кандай обьектилердин жана процесстердин модели экенин сезүүсү зарыл. Өзүн – өзү контролдоо сезимине ээ болуп, сын көз карашын өнүктүрүүгө, терен жана кеңири ой жүгүртүүгө умтулуусу керек. Математика – бул чындыкты таануу жана сүрөттөө методу экенин жакшы сезүү керек. Болочок башталгыч класстын мугалимдери математикалык даярдыкта болуп жатып жогорудагы келтирилген заман талаптарын ишке ашыруу үчүн дайыма күрөшүүсү керек.

Предметтер аралык байланыш – бул окуу предметтеринин арасындагы объективдүү максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк. Ар бир окуу предметинин предметтер аралык байланышы биринчиден, предметти окуп үйрөнүүнүн максатына экинчиден, предметтер аралык материалдын түрүнө, үчүнчүдөн, аны пайдалануунун убактысына көз каранды, ал бирдей билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга пайдаланылат.

Кыргыз элинин мазмундуу окуяларга мол тарыхын, өнүккөн маданиятын чагылдырган көлөм жагынан таң каларлык чоң, мазмун жагынан шумдуктуудай бай оозеки адабиятыбыз – элдик педагогиканын соолубас булагы экендигин талашсыз. Атап айтсак, табышмактар балдардын (окуучулардын) эс-акылынын зиректигин, ой чабыттарын логикалык жактан өркүндөтүп отурса, жаңылмач-тар тилдин ийкемдүүлүгүн, эс-тутумун өркүндөтүп отурган. Элдик оюндар менен, мисалы, *чикилдек, топташ* – эсептөөнүн эң жөнөкөй ыкмасы. Ал эми жомок айтып берип, аны айттыруу сөздү туура таап, көркөмдөп сүйлөөгө жана окуяга байланышкан учурларда баланын өзүнүн оюу менен көркөмдөлүнүп окуя жөнүндө пикирин айтууга жасалган аракет.

Албетте, төмөндөгүлөрдүн баары байкалбай чырмалышкан предмет аралык байланыш деп айтууга неге болбосун. Акыл оюндары *ашык утушуу, тогуз коргоол* оюндарында төрт амалды оозеки аткаруу аркылуу оюнчунун математикалык ой-жүгүртүүсү өнүгөт. Мисалы, чүкөнү эсептөөдө бирдин учу (беш), бирдин учу бир (алты), бирдин учу эки (жети), экинин учу (он), үчтүн учу (он беш) деген сандар пайдаланылат. Тогуз коргоол оюну эзелтен эле ойнолуп келгени “Манас” эпосунун төмөнкү саптарынан ырастап койсок болот.

Жалпак жыгач чаптырып,
Бир жагына бир тогуз.
Бир жагына бир тогуз,
Уй чыгарып оюшуп,
Ою менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргоол оюну…

Бул сапта биз коргоол таштары 162 экенин эсептеп алсак болот. Ошол оюндарды ар мезгилдин балдары өзү эле үйрөнүп албаган, ага улуулар көрсөтүп кошо жүрүп ойноп, шарттарын толук айтып берип турушкан. Биз андай инсанды акыркы мезгилдин термини педагог же окутуучу деп атап, мындай процесс чогуу-чаран бир бөлмөнүн ичинде белгилүү убакытта ишке ашып келетат.

Бүгүнкү күндөгү шахмат оюну же андагы чатыраш оюну сканворд-кроссворд менен алмашып, баш катырма, ой жүгүртүүнүн татаал формасы судоку, окшоштуктар-аналогия түшүнүктөрү өнүгүп отурат.

**Корутунду**

Мына ошентип, предметтерди интегациялап окутууда башталгыч класстардагы окуу дисциплиналарынын ар биринин мазмундарындагы предметтер аралык байланыштарды орнотуулардын мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө, билим берүүдө кесипкөйлөрдү тиешелүү политехникалык билимдер жана билгичтиктер менен куралдандыруу, окутуучуларды предметтер аралык байланыштардын түрлөрү бар экен.

Мындай байланыштар канчалык тыгыз болгон сайын окутуунун сапаты жогору болушуна шек жоктугун практика көрсөтүүдө.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1.Бекбоев И., Алимбеков А. «Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы» Б.,2011. - 192 б.
2. Бекбоев.И.Б., Н.И.Ибраева «Математика» 3-кл, . Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Б., 2011.- 64 б.
3. Максимова В.Н. Межпредметные связи в процессе обучения. М., 1987. – 160 с.
4. Скакун В.А. Организация и методика профессионального обучения. М., 2007. – 178 с.
5. Сухомлинский В.А. Павлышская средняя школа. М., 1979. – 396 с.